УДК 39:398.5

Бегалиев С., Жумашова Н.
*К.Тыныстанов ат. ЫМУ*

# ЧОҢ МАНАСЧЫ ЧОКМОРОВ МАМБЕТ
## (1896-1973)

Кыргыздар эң байыркы эл экендигин, анын бай тарыхы, бай көркөм мурасы бар экендигин окумуштуулар бир оздон баса белгилеп келишүүдө XIX кылымдын экинчи жарымында кыргыз жергесинде болгон белгилүү окумуштуу, түрк тилдүү элдердин тилин изилдеп, оозеки адабиятын жыйнап, илимий иликтөө жүргүзгөн академик, түркологВ.В.Радлов кыргыздарда сөз искусствосу, анын ичинде баатырдык эпос бөтөнчө гүлдөп өнүккөндүгүн айрыкча суктануу менен баса белгилеп кеткен.

«Манас» эпосу – дүйнөлүк эпостун тарыхында сейрек учураган, кайталангыс зор көркөм эстелик. «Манас» – момументалдуу окуяларга бай, көркөмдүгү бийик, өзгөчө оригиналдуу баатырдык эпос. Эпос - бир кылымдын же бир доордун гана көркөм баяны эмес, кыргыз элинин байыркы мифтик көз карашынан тартып, кийинки эле реалдуу тарыхый окуяларды кеңири көркөм сүрөттөгөн энциклопедиялык мүнөздөгү өзгөчө көркөм чыгарма. «Манас» эпосу оозеки жаралып, оозеки түрүндө элге кеңири таралып, улам кийинки муундарга оозеки өтүп, көп кылымдар бою оозеки сакталып келген. Улуу эпосту жаратышкан таланттардын көпчүлүгүнүн аты бизге белгисиз, алар жөнүндө аңыз сөздөр, уламыштар гана элдин эсинде сакталып калган.

XVIII кылымдан, бөтөнчө, XIX кылымдан тарта алардын ысымдары белгилүү боло баштады. Ал эми алардын эпосту жазып алуу иши, негизинен, XX кылымдын башында гана колго алынат.

Биз сөз козгойлу деп турган белгилүү манасчы Мамбет Чокморов Ысык-Көлдүн Тоң районуна караштуу Корумду деген жерде 1896-жылы жарык дүйнөгө келип, 1973-жылы ошол эле Тоңдун Бөкөнбаев айлында дүйнөдөн кайткан. Мамбет карыя – катардагы манасчы эмес, «Манас» эпосунун үч бөлүгүн толук билген таланттуу манасчынын бири.

М.Чокморовдон «Манас» эпосун жазып алуу иши 1959-жылы уулу, орто мектептин мугалими Касымбек тарабынан колго алына баштайт. Касымбек атасынын оозунан айрым эпизоддорду биринчи болуп кагазга түшүрөт. Ал эми манасчынын оозунан эпостун үч бөлүгүн толук түрдө жазып алууга 1965-1972-жылдары улуттук илимдер академиясынын илимий кызматкерлери Э.Абдылдаев, С.Бегалиев, К.Кырбашев, Р.Сарыпбеков ж.б. активдүү эмгектенишип, өтө баалуу иш бүтүрүшкөн. Манасчыдан жазып алынган эпостун толук көлөмү 397557 сап ырдан турат. Ал эми улуу манасчылар С.Орозбаковдон жазып алынган эпостун көлөмү 180 миң ыр болсо, С.Каралаевдин варианты жарым миллиондон ашуун ыр саптан турары белгилүү. Манасчылык өнөрдүн өзүнчө сыры бар эмеспи. Ошол сыр көптөгөн манасчылардын чыгармачылыгында кеңири учурап бекем салтка айланган. Мына ошол салт М.Чокморовго да мүнөздүү. Ал – кереметтүү түш. Манасчылардын дээрлик бардыгы кереметтүү түш көрүшкөндөн кийин манасчы болдук дешет. Алардын түшүнө Манас баатыр же башка жакындары кирип, даарыганын айтышат. Ырас, кандай гана манасчы болбосун, ал өзүнөн мурункулардан угуп, таалим алат. Мисалы, улуу манасчы Сагымбай чоң талант Тыныбектен таасир алып үйрөнсө, XX кылымдын Гомери аталган Саякбайдын устаты чоң манасчы Чоюке болгон. Түш көргөндүн баары эле манасчы болуп чыга

келишпейт. Алар мурунтадан салт болуп калган устаттарын ээрчип, ошолордон манасчылык өнөрдүн сыры менен таанышып, акырындап өздөштүрүшөт. Ошону менен бирге эле манасчылар шыктуу, таланттуу адамдар болгондугу жалпыга белгилүү эмеспи. Бирок ошого карабастан, манасчылык өнөрдө түшүндө аян берүүгө бөтөнчө маани беришип, эң жогору баалашкан. Мамбет манасчы да түшүндө Манас баатырды, анын чоролорун көргөндүгүн, аян бергенден кийин, «Манас» айтасың деп кыйнагандан кийин гана «Манас» айтып калганын баса белгилөөчү эле (С.Бегалиев).

Бирок Мамбет Чокморовдун да түздөн түз таалим-таасир алып үйрөнгөн таланттуу устаты болгон. Ал – Эшимбек уулу Доңузбай. Доңузбай белгилүү манасчы, атагы кыргыз журтуна кеңири тараган чоң таланттын бири Тыныбектин шакирти болгон. Доңузбай да Тоң аймагында Ала-Баш деген жерде жашап өткөн. Доңузбай – Мамбеттин жөн гана жердеши болбостон, бир тууган таякеси болгон. Доңузбай жаш Мамбетке туура багыт берип, аны элге тааныштырып, жол көрсөткөн башкы устаты. Ал эми Мамбет манасчы Доңузбайдан үйрөндүм, таасир алдым деп айтпайт. Ал өзүнүн эскерүүсүндө «... жөн жаттап, бирөөдөн үйрөнүп айтууга болбойт», -деп кесе айтат. Мындай пикир жеке гана Мамбетке мүнөздүү эмес, бардык манасчылар үчүн мүнөздүү көрүнүш. Кереметтүү түштү баарына жогору коюу – манасчылар үчүн бузулгус мыйзам.

М.Чокморов таякеси Доңузбайдан башка көлдүк манасчылардан да, «Манас», «Семетей», «Сейтек» эпосторун угуп, таалим-таасир алгандыгын жокко чыгарууга болбойт. М.Чокморов алгач көл айланасын кыдырып, Жакшылык Сарыков, Саякбай Каралаев өңдүү белгилүү манасчыларга жолугуп, «Манас» эпосун айтып такшалып, элге таанылат. Саякбай Каралаев Мамбет Чокморовду көп эскерип, өтө жогору баалай турган. «Манастан» багы жок адам экен», - деп капа болгону эсимде (С.Бегалиев). Анткени Мамбет унутулуп, андан «Манас» эпосу кеч, ал улгайып калганда жазыла баштаганына өкүнүп айткан тура, кайран Саке.

Мамбет Чокморовдун варианты боюнча «Манас» эпосунун төмөнкүдөй бөлүктөрү жазылып алынган.

1. Манастын түпкү ата-бабалары
2. Манастын төрөлүшү.
3. Алмамбет жөнүндө баян
4. Көзкамандар окуясы
5. Көкөтөйдүн ашы
6. Чоң казат

Мамбет Чокморовдон «Манас» эпосу толук түрдө жазылып алынганы ачык көрүнүп турат. Ырас, ар бир айтуучу өзүнүн шыгына, талантына жараша эпостун окуяларын ар кандай деңгээлде айтары белгилүү. Сагымбай, Саякбай өңдүү улуу манасчылар эпостун ар бир эпизодун кеңири, бийик көркөмдүктө баяндашса, кыска, схема түрүндө баяндашкан манасчылар да бар. М.Чокморовдун варианты бир кыйла окуяларга бай, көркөмдүгү да бийик. Жалпыга белгилүү салттык сюжет бекем сакталганына күбө болобуз. Ырас, айрым бир сюжеттик өзгөчөлүктөр жок эмес. Манасчынын өзүнө мүнөздүү жеке өзгөчөлүктөрү бар, башка манасчыларда учурабаган сюжеттик окуялар айтылат. М.Чокморов Манас баатырдын ата-бабалары жөнүндөгү баянды өзүнчө кеңири сюжет кылып, башкаларда учурабаган жаңы маалыматтар менен толуктаган.

«Сары-Нүкүр жана Кара-Нүкүр деген бир тууган эки кандын тушунда Ногой

аттуу жалгыз уулдуу Асан Кайгы деген олуя адам болгон экен», - деп баян башталат. Сөз кеңири журтка өзгөчө белгилүү XV кылымда жашап өткөн Асан Кайгы жөнүндө болуп жаткандыгы ачык көрүнүп турат. «Манас» эпосунун дээрлик бардык варианттарында окуя Манастын ата-теги жөнүндөгү баяндан башталат. Бул сюжеттик мотив – кеңири учурап, бекем салтка айланган көрүнүш. Бирок реалдуу тарыхый инсан Асан Кайгыны Манас баатырдын ата-бабалары менен байланыштырган манасчы жалгыз Мамбет Чокморов. Асан Кайгы XV кылымда Жаныбек кандын кеңешчиси, акылман адам болгон. Асан Кайгы жөнүндө казак, кыргыздарда ар кандай мүнөздөгү аңыз сөздөр, уламыштар арбын. М.Чокморов ошолордон «Манас» эпосуна киргизиши мүмкүн. Ч.Валиханов болсо Асан Кайгыны Жыргалаң өзөнүндө жашаган деген маалымат бар экендигин эскерет. М.Чокморов Асан Кайгыга байланыштуу окуяларга бир кыйла кеңири токтолот. Асан Кайгы жер жүзүн кыдырып, жайлуу жер таппай, бир жерге жай алып токтомок болгондо уулу Ногойдун мындай деген сөзү бар: «Жери тар бул жер бизге жер болбойт, элинин ичи тар экен, булар бизге эл болбойт, кетели, ата»-дейт.

Ногой деген ат (ысым) «Манас» эпосунда тарыхый булактарда кеңири учураган көрүнүш. М.; Ногой ордосу, Манас баатырдын уруусу Ногой, Асан Кайгынын уулу Ногой, эли «аргын Ногой», Көкөтөйдүн эли Ногой. М.Чокморов элдик аңыз сөздөр менен бирге, XV-XVI кылымдарга таандык тарыхый окуяларды, реалдуу тарыхый инсандарды да эпоско киргизип, өзүнчө жеке сюжетке тете баян жараткан. Бирок мындан «Манас» эпосунун доору XV-XVI кылымдарга туура келет деген пикир жаралбашы керек. Тарыхта калмак доору деп аталган окуялар эпоско кире бериши табигый көрүнүш. Калмак чабуулдары элдин эсинде көбүрөөк сакталып, ага чейинки окуялар акырындап унутула берет эмеспи.

«Манас» эпосунда баатырдын төрөлүшү өзүнчө сюжет болуп бардык варианттарда айтылат. Баатырдын кереметтүү төрөлүшү – деги эле түрк-монгол элдеринин эпосторунда кеңири тараган бекем салтка айланган көрүнүш.

Улуу манасчылар Сагымбай, Саякбай ж.б. варианттарында Манас Алтайда төрөлсө, Мамбеттин вариантында Арсланбапта төрөлөт. Мындай өзгөчөлүктүн да жүйөлүү себеби бар. Манасчы диндин айрым жөрөлгөлөрүн бекем сактаган, беш ирет намазын жазбаган (Манжылы мазарына жума сайын барып, сыйынып келгенин өз көзүм менен көргөн жайым бар С.Б.) адам болгон. Вариантта Жакып душманынан качып Арсланбапка барып, байып, Манас аттуу балалуу болот. Дүйнөлүк эпостун тарыхында балалуу болбой жүрүп балалуу болуу өңдүү салттык-сюжеттик мотив М.Чокморовдун вариантында өтө кеңири баяндалат. Жакып эки аялын ээрчитип барбаган жери, баспаган тоосу, сыйынбаган касиеттүү мазары калбайт. Болочок баатырдын кереметтүү, өзгөчө төрөлүшү – кеңири тараган бекем салтка айланган сюжеттик мотив. М.Чокморовдун вариантында Манас төрөлгөндө кан чеңгелдеп түшөт. Душмандардан жашырып, атын «Чоң жинди» деп коюшат. С.Каралаевдин вариантына да окшош жактары жок эмес. Кыскасы, М.Чокморов вариантында Манас баатырдын төрөлүшү Сагымбай менен Саякбайдын варианттарындай эле кеңири сүрөттөлөт да, айрым мүнөздүү өзгөчөлүктөргө ээ. Биз жалпы мүнөздө гана кыска токтолуп өттүк. М.Чокморовдун варианты боюнча Манастын төрөлүшү эле өзүнчө илимий иликтөөнүн обьектиси боло турган маанилүү маселе.

«Манас» эпосунда үйлөнүү темасы өзгөчө орунга ээ. Негизги варианттарда

Манас калмактын кызы Карабөрккө, Шооруктун кызы Акылайга үйлөнөт. Булар - согушта олжого түшкөн кандардын кыздары. Каныкейге болсо бардык варианттарда калың берип үйлөнөт. М.Чокморовдун вариантында жалпыга белгилүү сюжет сакталган. Бирок окуянын өнүгүшүндө өзгөчөлүктөр бар. Башка варианттарда Алооке менен болгон согуштар кыска схема түрүндө баяндалса. М.Чокморов өзүнчө сюжет кылып баяндайт.

«Көкөтөйдүн ашы» - «Манас» эпосунун дээрлик бардык варианттарында кеңири сүрөттөлгөн өзүнчө жеке сюжеттин бири. Бардык варианттарда жалпыга белгилүү, бекем салтка айланган сюжет сакталат. Ырас, Сагымбай менен Саякбайдын варианттары окуяларга бай, көркөмдүгү бийик. Башка варианттарда болсо көркөмдүгү жагынан гана өзгөчөлүктөр бар.

Ал эми М.Чокморовдун айтуусунда да «Чоң Казат» бөлүмү анча кескин өзгөрүүлөргө ээ эмес. Айрым бир гана анча маанигe ээ болбогон сюжеттик өзгөчөлүктөр бар. М.Чокморов «Манас» эпосун баатырдын жарадар болуп келип өлүшү, ага күмбөз салуу менен бүтүрөт. Сагымбай менен Саякбайдын варианттары көптөгөн кошумча окуялар менен эпостун мазмуну байып, көркөмдүгү өзгөчө бийик эмеспи. Башка варианттарда кошумча эпизоддор азыраак. Мисалы, М.Чокморов «Жети кандын чатагын» ж.б. кошумча окуяларды өзүнчө сюжет кылып айтпайт. Ырас, жогоруда биз белгилегендей айрым сюжеттик өзгөчөлүктөр учурайт. Мисалы, Манасты Коңурбай мечитте намаз окуп жатканда ууга сугарылган айбалта менен чаап жарадар кылат.

«Манас» эпосу М.Чокморовдун айтуусунда көп жагынан С.Каралаевдин вариантына окшош. Бул да кокустук көрүнүш эмес. М.Ауэзов адилеттүү белгилегендей, Каракол мектебинин өкүлү экендигин айгинелейт. М.Чокморов айткан «Манас» эпосунун вариантынын мүнөздүү өзгөчөлүгүн белгилүү окумуштуу-манастаануучу Э.Абдылдаев өтө туура белгилеген. «Мамбеттин вариантынын эң олуттуу өзгөчөлүгү катары төмөндөгүлөрдү айтууга болот: андан өз учурунда, айтуучулук өнөрү толуп турган кезинде жазылбай калып, кийин дүйнөгө, турмушка болгон көз карашы өзгөрүп, мусулманчылык ишеними кеңейип калыптанып калгандан кийин көп окуяларын унутуп карып калган кезинде жазылган. Ошол себептүү Мамбет өзүнүн вариантын ислам дининин фонунда кайрадан иштеп, өзүнүн түшүнүгүнө ылайык интерпретациялап баяндагандыктан, олуттуу өзгөрүүлөргө дуушар болгон деген жыйынтыкка келебиз». (Э.Абдылдаев Мамбет Чокморов. Китепте: Кыргыз адабиятынын тарыхы, 2-том. Экинчи басылышы. –Бишкек, 2004, 440-441-бб.)

М.Ауэзов С.Каралаевди Каракол мектебине, С.Орозбаковду Нарын мектебне киргизет. Манасчылардын мектеби жөнүндө сөз болгондо негизги фактор катары алардын бир жерден болушу эмес, башка да маанилүү белгилер роль ойнойт. Адатта, илимде же чыгармачылыкта белгилүү чоң таланттын айланасына анын өнөрүн, илимин жактырып, туу көтөргөн шакирттери топтолуп, өзүнчө мектеп жаратышат, устатын туурашат, анын көз карашын кубатташат, өнөрүн чыгармачылык менен өздөштүрүшөт.

Сагымбай өзүнүн улуу устаты, таланттуу манасчы, семетейчи Тыныбектин өнөрүн үйрөнүп өркүндөтөт. Тыныбек улуу манасчы гана эмес, төкмө акындык өнөрү да бар экендиги айтылып келүүдө. Сагымбай «Манас», «Семетей», «Сейтек» эпосторунан башка, толгон элдик ырларды, башка чыгармаларды да чебер аткарган талант болгон. Буга Шабданга, Ленинге арнап чыгарган кошоктору жана башка чыгармалары ачык күбө.

Саякбайдын устаты чоң манасчы Чоюке эпостун айрым бөлүктөрүн өзгөчө, өтө муңдуу мүнөздө айткан деген маалымат бар. Буга Саякбайдын вариантындагы Алмамбеттин жомогу, Каныкейдин жомогу, бөтөнчө, Каныкейдин Тайторуну чапканы ачык күбө.

Таланттуу манасчы Мамбет Чокморовдун «Манас», «Семетей», «Сейтек» эпосторунун варианттары - окуяга бай, көркөмдүгү бийик, өзүнчө атайын чоң илимий иликтөөнүн обьектиси боло турган зор көркөм эстелик.

**Адабияттар:**


1. Ауэзов М. Мысли разных лет. - Алма-Ата, 1961.
2. Бегалиев С. «Манас» эпосу. - Каракол, 2003.
3. Жирмунский В.М. Тюркский героический эпос. – Л., 1974.
4. Кыргыз адабиятынын тарыхы, 2-том. - Бишкек, 2003.
5. Тимофеев Л. Основы теории литературы. – М., 1978.
6. Улуу манасчы Сагымбай. - Бишкек, 1972.
7. Радлов В.В. Образцы народной литературы северных тюркских племен. К-те: Энциклопедический феномен эпоса «Манас». – Б., 1992.